# 5-11-КАЛАССТАРДА «ГРАММАТИКАДАН КЕПКЕ ТЕХНОЛОГИЯСЫН» КОЛДОНУУ

Сулайман РЫСБАЕВ, педагогика илимдеринин доктору, профессор

Бишкек, 2023-жыл.

# Сүйлөмдүн айтылыш маанисине карай бөлүнүшү

- 1. Жай сүйлөм
- 2. Суроолуу сүйлөм
- 3. Илептүү сүйлөм
- 4. Буйрук сүйлөм.

**Биз сүйлөмдөр менен сүйлөшөбүз. Кебибиз сүйлөмдөрдөн турат. Сүйлөм түрдүү мааниде айтылат.**

# Сүйлөм кептин тибине жараша үч топко бөлүнөт:

- 1. Баяндоо иретинде айтылган сүйлөм;
- 2. Сүрөттөө иретинде айтылган сүйлөм;
- 3. Ой жүгүртүү иретинде айтылган сүйлөм.

**Демек, сүйлөгөндө окуяны баяндайыз, нерсени сүрөттөйбүз жана ой жүгүртүп сүйлөйбүз. Сүйлөп жатып текст түзөбүз.**

# Баяндоо тибиндеги сүйлөмдөрдүн табияты:

-алдыда боло турган окуя тууралуу баяндоо;

-учурда болуп жаткан окуяны баяндоо;

-мурда болуп өткөн окуяны баяндоо;

-дайым болуучу көнүнүштү баяндоо.

**Баяндоо тибиндеги сүйлөмдүн модели:**

**зат атооч + этиш**

**Демек, баяндап сүйлөө аркылуу баяндоо текстин түзөбүз.**

# Сүрөттөө тибиндеги сүйлөмдөрдүн табияты:

-адамдын келбетин сүрөттөө;

-табияттын көрүнүшүн  сүрөттөө;

-буюмду сүрөттөө;

-жан-жаныбарларды сүрөттөө.

**Сүрөттөө тибиндеги сүйлөмдүн модели:**

сын атооч + зат атооч, тактооч + этиш

**Демек,  сүрөттөп сүйлөп жана жазып жатып, сүрөттөө тибиндеги текстин түзөбүз.**

# Ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөмдөрдүн табияты:

- окуянын себеби тууралуу ой жүгүртүү;
- окуянын натыйжасы тууралуу ой жүгүртүү;
- окуя кандай өнүгө тураны тууралуу ой жүгүртүү;
- окуяга жеке көз карашын билдирип ой жүгүртүү.

**Ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөмдүн модели: тактооч + этиш**

**Ой жүгүртүп сүйлөп жана жазуу аркылуу ой жүгүртүү тибиндеги текст түзүлөт.**

# Тексттин эң кичине бирдиги – сүйлөм.

- Анткени сүйлөмдөрдүн маанилик- мазмундук, логикалык-тематикалык грамматикалык-структуралык биримдигинен текст куралат.

  -Текст- маалыматтын топтому;

  -текст- маалыматтын булагы;

  -текст- окуу каражаты;

  -текст- кеп туундусу.

**Анткени тексттен маалымат алабыз, үйрөнөбүз, текст менен иштеп машыгабыз, оюбузду текст түрүндө билдиребиз.**

## Баяндоо тибиндеги сүйлөмдөрдүн логикалык-композициялык, мазмундук-маанилик тобунан баяндоо тибиндеги текст түзүлөт.

**Боло турган жана болуп өткөн окуяны баяндоо түрүндө айтылган сүйлөм баяндоо тибиндеги сүйлөм деп аталат.**

Мисалы:

Жаз келип, күн жылыды. Мал төлдөп, кыштоого мал токтобой калды.

Биз боз үйдү жүктөп, малды алдыга салып айдап, конуш чалып, жайлоого жөнөдүк.

# Баяндоо тибиндеги суйлөмдүн негизги тил каражаттары:

-зат атооч;

-сан атооч;

-ат атооч;

-этиш;

-атоочтуктар;

-кызматчы сөздөр, ж.б.

# Сүрөттөө түрүндөгү сөздөрдүн маанилик-логикалык - композициялык тобунан сүрөттөө тибиндеги текст түзүлөт.

**Нерсени, көрүнүштү сүрөттөө тибинде айтылган сүйлөм сүрөттөө тибиндеги сүйлөм деп аталат.**

Мисалы: Жайлоонун ыраңы жапжашыл болуп, толукшуп турган кези. Кызыл-тазыл гүлдөр теребелдин бетин бербейт. Гүлдүн жыпар жытына эркелеген жайлоонун жумшак жели ыракатка бөлөйт…Тоолордун учундагы ак элечектей ак мөңгүнүн калдыктары күндүн нурунан күмүштөн бетер чагылат. Түздө жумурткадай тизилген ак боз үйлөр…Өзөндө көк кашка тунук суу чубалып агып жатат. Эх десең! Бул- Тержайлак деген керемет жайлоо.

# Сүрөттөө тибиндеги сүйлөмдүн негизги тил каражаттары:

-тактооч;

-сырдык сөздөр;

-сын атооч;

-тууранды сөздөр;

-сырдык сөздөр, ж.б.

# Ой жүгүртүү түрүндө айтылган себеп-натыйжалаш мазмундагы сүйлөмдөрдүн логикалык-композициялык тобунан ой жүгүртүү тибиндеги текст түзүлөт.

- **Турмуштук көрүнүштөр, окуялар, түзүлгөн жагдайлар жана аларды чечүү тууралуу ой жүгүртүү иретинде айтылган сүйлөм- ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөм деп аталат.**

Мисалы:

Күндүн барбы түнөгү?
Курттун барбы жүрөгү?
Кубанганда бизчилеп,
Күчүктөр да күлөбү?

(Т.Кожомбердиев)

# Ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөмдүн негизги тил каражаттары:

-этиш;

-тактооч;

-сын атооч;

-сан атооч;

-атоочтуктар;

-киринди сөздөр, модаль сөздөр;

-суроолуу сүйлөмдөр….ж.б.

**Мындай сүйлөмдөрдө, адегенде, суроо же далилдөөнү талап кылган ой айтылат, андан соң, аны далилдөө иретиндеги пикирлер жогоруда коюлган сөздөр аркылуу берилет.**

# Сүйлөмдө тил каражаттарынын маанилик-функционалдык «жылышы»

**Тил каражаттары төмөндөгүдөй мүнөздө «жылышат»:**

- Сөз
- Сөздөн - сөз  айкашына
- Сөз айкашынан – сүйлөмгө
- Сүйлөмдөн - текстке

# Сүйлөмдөн- кептин тибине, кептин тибинен –кептин стилине

## 1.Баяндоо тибиндеги сүйлөм

Баяндоо тибиндеги сүйлөмдөрдүн маанилик, стилдик тобунан - баяндоо тибиндеги кеп түзүлөт. Баяндоо тибиндеги кептен:

1.илимий баяндоо (илимий стиль);

2. көркөм баяндоо (көркөм стиль);

3. публицистикалык баяндоо (публицистикалык стиль);

4. иш кагаздары жазылат.

# Сүйлөмдөн- кептин тибине, кептин тибинен –кептин стилине

## 2.Сүрөттөө тибиндеги сүйлөм

Сүрөттөө тибиндеги сүйлөмдөрдүн маанилик, стилдик тобунан - сүрөттөө тибиндеги кеп түзүлөт. Сүрөттөө тибиндеги кептен  көркөм сүрөттөө (көркөм стиль) жаралат.

## 3.Ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөм

Ой жүгүртүү тибиндеги сүйлөмдөрдүн маанилик, стилдик тобунан – ой жүгүртүү тибиндеги кеп түзүлөт. Ой жүгүртүү тибиндеги кептен:

1. илимий ой жүгүртүү (илимий стиль);
2. көркөм ой жүгүртүү (көркөм стиль);
3. публицистикалык ой жүгүртүү  (публицистикалык стиль) жазылат.

# Сүйлөмдүн төрт түрү катышкан текст:

**Сүйлөмдүн бардык түрлөрү катышкан текст толук кандуу текст деп аталат.**

Мисалы: - ...Мен да барам, -деди күбүрөп Сатымкул.

-Кайда барасың?- таенеси аны текирее тиктеди,- Кишинин кебин укпай, эмне деп дөөдүрөп отуру бу...!

-Ак-Жолго...-О, кой! - деди таенеси катуулап. (Т.Касымбеков, 1-том, 12-б.)

**Бул үзүндүдө: жай, суроолуу, илептүү жана буйрук сүйлөмдөр баары катышты.**

# Кемтик сүйлөм жана кемтик сүйлөмдөр катышкан текст:

- **Сөйлөмдөрдүн айрым мүчөлөрү кыскарып айтылган учурларда, аларды кемтик сүйлөмдөр деп атайбыз.**

Мисалы: “...-Апа!

-Ыя, каралдым?

-Атам районго эмнеге кетти? Мени да бар деди го?

-Билбедим, балам. Бар десе барасың да...”

(Т.Касымбеков, 1-том. 102-б.)

# Бир өңчөй мүчөлөр жана алар катышкан текст:

**Сүйлөм ичинде бирдей суроолорго жооп берип, бирдей милдетти аткарган сөздөрдү бир өңчөй мүчөлөр деп айтабыз. Мисалы:**

“-Эгерде уулум болгондо:
Каттаганда – кан жолум,
Кармаганда- оң колум,
Сүйлөгөндө – таңдайым,
Сүйүнгөндө - маңдайым,
Ак шумкар кушун чуктамак,
Ак чатыр кирип уктамак.
Жеңижок, “Балам жок”

# Татаал сүйлөм жана ал катышкан текст:

**Тутуму эки же андан ашык сүйлөмдөрдүн грамматикалык курамынан туруп, бир маанини түшүндүрсө, аны татаал сүйлөм деп атайбыз.**

Мисалы: “Бу табигат дегендин тирүү жандын баарына жана аларга ар дайым таандык болгон, кысталыш кыйын кезде да мизинен тайып койбогон бир өзгөрбөс шарты бар, ал- тагдыр деген эмне экенин, жаралганда Жараткан бешенеге эмне жазып койгонун алдын ала биле албайт, кимдин кандай болорун жалгыз гана жашоонун өзү көрсөтөт, а эгер андай болбогондо тагдыр дегендин тагдыр болмогу кайсы...”

Ч.Айтматов, “Тоолор кулаганда”, 7-б.

# Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр жана алар катышкан текст:

**Татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, ойдун бүтүшү жагынан бири-бирине багынбай өз алдынча болсо, алары тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр деп айтабыз.**

“- Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар элең чегеде,
Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден,
Эми туулбайт сендей пендеден!

Т.Сатылганов, “Жеңижокту жоктоо”.

# Аралаш татаал сүйлөмдөр жана алар катышкан текст:

**Татаал сүйлөмдүн курамында бир нече тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы сүйлөмдөр бирдей катышып, жалпы бир ойду билдирсе, анда алар аралаш татаал сүйлөмдөр деп аталат.**

Мисалы: «…Эрге келкел келгенде,
жаркып турат маңдайы,
шаңшып турат таңдайы,
адилети бек болот,
айткан сөзү эп болот,
кыйышпасы көп болот,
туугансынып душманы,
төгөрөгү төп болот».
Т.Касыбеков, «Келкел».

# Сүйлөмдүн ээси менен баяндоочу (баш мүчөлөрү) жана алар катышкан текст

- **Сүйлөмдүн ээси жана баяндоочу – баш мүчөлөр деп аталат.**

"Тулпардын көркү- жалда бар,
Сулуунун көркү- калда бар,
Суктанып жүрбөй ар кимге,
Сүйгөнүңдү тандап ал".

Токтогул, "Насыят"

# Фразеологизмдер жана алар катышкан сүйлөм.

**Тилде сөздөрдүн туруктуу айкаштарынан түзүлүп, даяр кеп материалы катары катышкан жана сүйлөмдүн бир мүчөсү катары милдет аткарган сөздөр фразеологизмдер деп аталат.**

Мисалы: «Күнгө чуркап талыбас,
айга чуркап арыбас,
аттан күлүк табылат-
кара кылды как жарган,
кыйын ишке кайратман,
калктан жүйрөк табылат.»
Т.Касымбеков, «Келкел»

# Макал-лакаптар жана алар катышкан текст

- **Даяр ой туюмдарынан туруп, тилде бир бүтүн кеп материалдары катары катышкан, акыл ой берметтери-макал-лакаптар деп аталат.**

Мисалы: «Кирейин десе жер катуу, өлөйүн десе жан таттуу» көрүнүп, мөгдөгөн эл, жаздын алдында, төлдүн көк жашыл ыраңы баскан булуңга чукул ташка сүйөнүп отуру».

К.Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы»

# Кептеги лексикалык- грамматикалык материалдардын ролу жана мааниси:

- **Тилдеги сөздөр өз алдынча турганда лексикалык маанини берет, ал эми сүйлөм ичинде грамматикалык милдет аткарат. Ошондой эле:**

1. Ойду кепке айландыруучу каражаттын милдетин аткарат;

2.Кептин негизги курулуш материалы болот;

3. Кептин ички логикалык байланышын жузөгө ашырат;

4.Суйлөмдөгу сөздөрду интеграциялайт.

!

# Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

С.К.Рысбаев,

п.и.д., профессор

Кыргыз билим берүү академиясы